**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө**

Экономика тармактарын жана калкты электр, жылуулук энергиясы жана отун ресурстары менен камсыз кылуу, министрликтерди, мамлекеттик комитетти, административдик ведомстволорду жана республиканын региондорун 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилинен өтүүгө өз убагында даярдоо максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Министрликтер, мамлекеттик комитет, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасы (мындан ары – “Кыргызкөмүр” МИ), Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана макулдашуу боюнча: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жылуулук менен камсыздоочу ишканалар, “Электр станциялар”, “Кыргызстан улуттук электр тармагы”, “Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору”, “Чакан ГЭС”, “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомдору (мындан ары – ААК), “Газпром Кыргызстан” жоопкерчилиги чектелген коому (мындан ары – ЖЧК):

1) 1–20-тиркемелерге ылайык электр энергиясын жана кубаттуулукту керектөө лимиттерин, графиктерди жана тапшырмаларды аткарууну камсыз кылсын;

2) эки жумалык мөөнөттө 2024/2025-жылдардын күз-кыш мезгилинен өтүүнүн жыйынтыктарын эске алуу менен күз-кыш мезгилине даярдык көрүү боюнча уюштуруу-техникалык иш-чараларын иштеп чыксын;

3) бир жумалык мөөнөттө бардык облустарда, Бишкек жана Ош шаарларында 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдык

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

көрүүнүн жүрүшүнө ай сайын төмөнкүлөргө мониторинг жүргүзүү үчүн күз-кыш мезгилине даярдык көрүү боюнча туруктуу иштеген штабдарды түзсүн:

– жылуулук менен камсыздоочу ишканалардын отканаларына, калкты жылуулук менен камсыздоого байланыштуу ведомстволук жана өнөр жай отканаларына;

– социалдык объекттерди жылытуу мезгилине даярдоонун сапатына;

– кошумча отун базаларына;

4) 2025-жылдын 1-июлуна чейинки мөөнөттө жылытуу отканаларынын жана отун-энергетикалык комплексинин ишканаларынын келерки күз-кыш мезгилинде иштөөгө даярдыгын текшерүү боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча кызматтын жана Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын (жылытуу отканалары жана жылуулук-энергетикалык жабдуулардын башка түрлөрү балансында бар мекемелер үчүн) өкүлдөрүнүн милдеттүү катышуусунда жумушчу комиссияларды түзсүн;

5) 2025-жылдын 1-июлуна чейинки мөөнөттө бюджеттик уюмдар үчүн отун ресурстарын мамлекеттик сатып алуу боюнча чараларды көрсүн, аны берүүгө келишимдерди түзсүн;

6) отун-энергетикалык ресурстарды керектөөдө чыгымдарды азайтуу үчүн энергияны үнөмдөө жана энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу саясатын ишке ашыруу боюнча туруктуу негизде чараларды көрүп турсун;

7) жалпыга маалымдоо каражаттарын тартуу менен энергияны үнөмдөө, күз-кыш мезгилине отунду өз убагында даярдоо зарылдыгы жөнүндө калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү камсыз кылсын;

8) ай сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен айдын 1ине карата абал боюнча ушул токтомдун аткарылышы жөнүндө маалыматты, анын ичинде көмүрдү сатып алуу, отун даярдоо боюнча пландык тапшырмаларды аткаруу, көмүрдүн рыноктук баасын көрсөтүү менен отун базаларын жана көмүрдү сатуу пункттарын түзүү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине берип турсун.

2. Жылуулук менен камсыздоочу ишканалардын (макулдашуу боюнча) конкурстук комиссиялары 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдык көрүү жана өткөрүү мезгилине убактылуу, “Кыргызнефтегаз” ААКы жана “Кыргызкөмүр” МИси үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында казып алынган жагуучу мазутту жана көмүрдү берүүгө конкурстарга катышууда Кыргыз Республикасындагы



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 282, 28.05.2025 Кол койгон: Касымалиев А.А., 28.05.2025

салыктарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча карыздар жөнүндө маалымат берүү талабын алып салсын.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы:

1) “Бишкек жылуулук борбору” муниципалдык ишканасына (мындан ары – “Бишкек ЖЭБи” МИ) жана жылуулук менен камсыздоочу ишканаларга көмүрдү жеткирүүнү жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын көмүр казуучу компанияларына көмүрдүн баасын “Кыргызкөмүр” МИ берген тизмекке ылайык Бишкек шаарынын мэриясы менен биргеликте белгилесин;

2) казылган көмүрдүн бөлүгүн акысыз негизде кыргыз тарапка берүүчү биргелешкен чет өлкөлүк көмүр казуучу компаниялар үчүн бааны белгилесин;

3) лицензиясы бар көмүр казуучу компаниялар үчүн керектөөчүлөрдүн топтору боюнча сатылуучу көмүрдүн дүң баасын белгилесин;

4) автотранспорт каражаттары менен көмүрдү жана мазутту ташууга бааларды кайра келүү багытын эске алуу менен жана “Кыргызкөмүр” МИ жана жылуулук менен камсыздоочу ишканалар берген маршруттар боюнча күйүүчү-майлоочу жана башка чыгымдалуучу материалдардын наркы өзгөргөн (жогорулаган же төмөндөгөн) учурда аларды кайра кароо (кайра бекитүү) укугу менен белгилесин;

5) Балыкчы шаарынын жүктөө-түшүрүү аянтчасында көмүрдү темир жол транспортуна кайра жүктөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн көмүр казуучу ишканалардын бардык катышуучуларына жайылтылуучу наркын “Кыргызкөмүр” МИ берген материалдарга (эсептөөлөргө) ылайык белгилесин;

6) “Кыргызнефтегаз” ААК үчүн “Бишкек ЖЭБ” МИ, “Ош шаарынын жылуулук электр борбору” муниципалдык ишканасына (мындан ары – “Ош шаарынын ЖЭБи” МИ) жана жылуулук менен камсыздоочу ишканаларга жеткирүү үчүн “М-100” маркасындагы жагылуучу мазуттун баасын белгилесин;

7) чыгымдар өзгөргөн (көбөйгөн же азайган) учурда ушул токтомдо белгилөө каралган бааларды (кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын) кайра карасын;

8) ушул токтомдо белгилөө каралган бааларды (кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын) түзүүнүн жана колдонуунун тууралыгына мамлекеттик контролдоону жүзөгө ашырсын.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

кызматы жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги калкка көмүрдү жеткирүүнү жүзөгө ашыруучу отун базаларында жана сатуу пункттарында көмүрдүн баасынын өсүшүнө жол бербөө боюнча чараларды көрсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары тарабынан киргизилген сунуштарга мониторинг жүргүзүүнүн, талдоонун жыйынтыктары боюнча көмүрдүн баасын убактылуу мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү жөнүндө чечимдерди белгиленген тартипте кабыл алсын.

6. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган каражаттардын чегинде 2025-жылдын ичинде Кыргыз Республиканын бийик тоолуу шарттарында жана алыскы барууга кыйын зоналарында жашаган адамдар үчүн компенсациялык каражаттарды өз убагында бөлүүнү камсыз кылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги:

1) Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен биргеликте белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргыз темир жолу" улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасы тарабынан 2025-жылдын 1-июлунан 2026-жылдын 1-июлуна чейин "Рыбачье" темир жол станциясынан "Алмүдүн" ("Бишкек шаарынын ЖЭБи" МИ) жана "Бишкек-1" темир жол станцияларына чейин "Б" маркасындагы бир тонна көмүрдү ташуу үчүн бардык кошумча жыйымдарды (кошумча нарк салыгын эске албаганда) эске алуу менен 650 (алты жүз элүү) сом өлчөмүндө белгиленген тарифти белгилесин;

2) белгиленген жол-жобого ылайык республика ичиндеги каттамда көмүрдү ташууда ата мекендик көмүр казуучу компаниялардын жана "Бишкек ЖЭБи" МИнин жүк жөнөтүүчүлөрүн жана жүк алуучуларын вагондордун токтоп турушу үчүн айып пулдарды жана жүктү сактоо үчүн жыйымды, кызмат көрсөтүүлөрдү өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдарды эсептөөдөн бошотсун.

8. Министрликтер, мамлекеттик комитет, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1) 2025-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө бюджеттик керектөөчүлөрдүн отун-энергетика комплексинин ишканаларына электр, жылуулук энергиясы, жаратылыш газы, көмүр жана жагылуучу мазут үчүн карыздарын төлөсүн;

2) керектелген электр жана жылуулук энергиясы, жаратылыш газы, көмүр жана жагылуучу мазут үчүн өз убагында толук көлөмдө төлөөнү камсыз кылсын;

3) ар бир уюмга электр энергиясын керектөөнүн жана кубаттуулуктун лимиттерин маалымдасын;

4) электр энергиясын керектөөнүн жана кубаттуулуктун белгиленген лимиттерин милдеттүү түрдө сактоо үчүн контролдоону жана чараларды көрүүнү камсыз кылсын;

5) 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгили башталганга чейин электр от казандарын энергиянын альтернативалуу булактарын (көмүр, газ, борборлоштурулган жылытуу) пайдаланууга өткөрүүнү камсыз кылсын;

6) Токтогул суу сактагычында суунун топтолушуна байланыштуу түзүлгөн кырдаал жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу калк жана бизнес-түзүмдөр арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө энергетикалык компанияларга көмөк көрсөтсүн;

7) энергетикалык компаниялар тарабынан электр энергиясын берүүнү токтотууну, анын ичинде аба жана кабелдик электр берүү линияларынын корголуучу зоналарында бак-дарактардын жаш бутактарын кыюуну талап кылган оңдоо иштерин жүргүзүүнү өз убагында макулдашууга көмөк көрсөтсүн;

8) 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилинде түзүлгөн келишимдерге ылайык стационардык отун базаларына жана көмүр сатуу пункттарына калк үчүн көмүрдү толук көлөмдө жеткирүүнү камсыз кылсын жана зарыл болгон учурда пункттар жок калктуу конуштарда кошумча отун базаларын түзсүн;

9) социалдык объекттерди, калкты сапаттуу отун ресурстары менен камсыз кылсын жана жеңилдик берилген категориядагы жарандарга каражаттардын өз убагында бөлүнүшүн камсыз кылсын;

10) “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКтын суроо-талабы боюнча жаңы жогорку вольттогу подстанцияларды жана электр берүү линияларын куруу үчүн жер тилкелерин белгиленген тартипте бөлүп берсин.

9. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы жана Өзбекстан Республикасы) аймагы боюнча өтүүчү электр берүү линияларын жана магистралдык газ түтүктөрүнүн



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

объекттерин пландык же авариялык оңдоо жүргүзүү зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы аркылуу оңдоо-техникалык персоналды, технологиялык жабдууларды жана шаймандарды өткөрүүгө көмөк көрсөтсүн.

10. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонд күз-кыш мезгилине даярдык көрүү жана өткөрүү убагында “Электр станциялар”, “Кыргызстан улуттук электр тармагы”, “Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору”, “Чакан ГЭС”, “Кыргызнефтегаз” ААКтардын, “Газпром Кыргызстан” ЖЧКнын, муниципалдык жылуулук менен камсыздоочу ишканалардын, “Кыргызкөмүр” МИнин жана отун даярдоого тартылган көмүр казуучу ишканалардын алыш-бериш эсептерин жабуу жөнүндө чечимдерди кабыл албасын.

11. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги 2026-жылдын 1-январына чейин белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика илимий-изилдөө институту тарабынан иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын республикалык жана жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөө лимиттерин түзүү методикасын бекитсин.

12. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги энергетикалык компаниялар менен биргеликте:

1) Кыргыз Республикасынын керектөөчүлөрүн электр менен ишенимдүү камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн жана ушул токтомдун 1–20-тиркемелерине ылайык электр энергиясын жана кубаттуулукту керектөөнүн белгиленген лимиттеринин, графиктердин жана тапшырмалардын керектөөчүлөр тарабынан сакталышын катуу контролдоону камсыз кылсын;

2) 2025/2026-жылдардын жылытуу сезону башталганга чейин энергетикалык жабдууларды жана тармактарды оңдоо иштерин аяктасын.

13. Төмөнкүлөр үчүн жеке жоопкерчилик жүктөлсүн:

1) 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине талаптагыдай даярдык көрүү, өткөрүү, керектөөчүлөрдү энергетикалык ресурстар менен ишенимдүү үзгүлтүксүз камсыз кылуу үчүн Кыргыз



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Республикасынын Энергетика министрлигинин жетекчилерине, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларына, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерине, “Электр станциялар”, “Кыргызстан улуттук электр тармагы”, “Чакан ГЭС” ААК жана муниципалдык жылуулук менен камсыздоочу ишканалардын жетекчилерине;

2) электр энергиясын жана кубаттуулукту керектөөнүн белгиленген лимиттерин аткаруу үчүн – Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерине, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, айыл өкмөттөрүнүн башчыларына, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” жана “Кыргыз энергетикалык эсептешүү борбору” ААК жетекчилерине;

3) энергетикалык жабдууларды оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин сапаты жана өз убагында жүргүзүлүшү үчүн – Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин, “Кыргызстан улуттук электр тармагы”, “Электр станциялары”, “Чакан ГЭС” ААК, жылуулук менен жабдуу ишканаларынын жетекчилерине, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларына, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерине;

4) Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине маалыматтарды берүү жана анын аныктыгы үчүн жоопкерчилик министрликтердин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомстволордун, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын жетекчилерине, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларына жана Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплексинин ишканаларынын жетекчилерине жүктөлөт;

5) электр жана жылуулук энергиясы жана жаратылыш газы үчүн төлөмдөрдүн мөөнөтүнөн кечиктирилиши үчүн – бюджеттик уюмдардын жетекчилерине.

14. “Бишкек ЖЭБ” МИ жана жылуулук менен жабдуу ишканалары үчүн графикке ылайык “Кыргызкөмүр” МИ көмүрдү зарыл көлөмдө жеткирүүнү камсыз кылсын, ошол эле учурда көмүрдүн тиешелүү сапатын камсыз кылсын.

15. Бишкек шаарынын мэриясы “Строй-Стоун” ЖЧКсы менен биргеликте:

– “Бишкек ЖЭБи” МИ үчүн Миң-Куш кенинин “Агулак” участогунан Б маркасындагы 240,0 миң тонна өлчөмдөгү көмүрдү акысыз негизде берсин;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– “Бишкек ЖЭБи” МИ акысыз негизде жеткирилген көмүр үчүн КНСтин суммасын төлөсүн.

16. “Кыргызнефтегаз” ААКка төмөнкүлөр сунушталсын:

1) 2025-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө “Бишкек ЖЭБи” МИ, “Ош шаарынын ЖЭБи” МИ жана жылуулук менен жабдуу ишканаларына жеткирүү үчүн “М-100” маркасындагы жагылуучу мазуттун баасын белгилөө үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына эсептик материалдарды берүү;

2) “Бишкек ЖЭБи” МИ, “Ош шаарынын ЖЭБи” МИ жана жылуулук менен жабдуу ишканаларына жагылуучу мазутту жеткирүүнү камсыз кылуу.

17. “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКка төмөнкүлөр сунушталсын:

1) жергиликтүү жүктү чектөө графигин иштеп чыгуу, бекитүү, керектөөчүлөргө жеткирүү жана сактоо;

2) 6–10 кВ чыңалуудагы электр тармактарындагы авариялык өчүрүүлөрдүн санын кыскартуу боюнча чараларды көрүү;

3) аба ырайынын шарттарынан кубаттуулук тартыштыгы пайда болгон учурда энергияны көп талап кылган өндүрүштүк керектөөчүлөр үчүн 2025-жылдын ноябрынан 2026-жылдын мартына чейинки мезгилде электр энергиясын берүүнүн көлөмүн чектөөнү киргизүү;

4) 110–500 кВ чыңалуудагы электр тармактарында электр энергиясынын жоготууларынын деңгээлин 5,50 %га чейин, 0,4–35 кВ чыңалуудагы электр тармактарында 11,30 %га чейин төмөндөтүүнү, ошондой эле дебитордук карыздарды 10 %га төмөндөтүүнү камсыз кылуу;

5) техникалык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен Борбордук Азиядан жана Россия Федерациясынан электр энергиясын импорттоону камсыз кылуу.

18. “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсына төмөнкүлөр сунушталсын:

1) 2025/2026-жылдын күз-кыш мезгилинде Кыргыз Республикасынын керектөөчүлөрү, анын ичинде жылуулук менен жабдуу жана өнөр жай ишканалары үчүн жаратылыш газын үзгүлтүксүз берүүнү камсыз кылуу;

2) 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын газ менен камсыздоонун жана газдаштыруунун башкы схемасынын алкагында 2025-жылга инвестициялык программанын аткарылышын камсыз кылуу;

3) ай сайын Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине 2025-жылга инвестициялык программанын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды берүү.

19. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-майындагы № 265 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2024/2025-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 6-июлундагы № 367 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын күз-кыш мезгилине даярдоонун айрым маселелери жөнүндө” токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-декабрындагы № 751 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-майындагы № 265 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2024/2025-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому.

20. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

21. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**О подготовке отраслей экономики и населения Кыргызской Республики к осенне-зимнему периоду 2025/2026 года**

В целях обеспечения отраслей экономики и населения электрической, тепловой энергией и топливными ресурсами, своевременной подготовки министерств, государственного комитета, административных ведомств и регионов республики к прохождению осенне-зимнего периода 2025/2026 года, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Министерствам, государственному комитету, административным ведомствам, государственному предприятию «Кыргызкомур» при Министерстве энергетики Кыргызской Республики (далее – ГП «Кыргызкомур»), аппаратам полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях, местным государственным администрациям и по согласованию: органам местного самоуправления, теплоснабжающим предприятиям, открытым акционерным обществам (далее – ОАО) «Электрические станции», «Национальная электрическая сеть Кыргызстана», «Кыргызский энергетический расчетный центр», «Чакан ГЭС», «Кыргызнефтегаз», обществу с ограниченной ответственностью (далее – ОсОО) «Газпром Кыргызстан»:

1) обеспечить выполнение лимитов потребления электроэнергии и мощности, графиков и заданий согласно приложениям 1–20;

2) в двухнедельный срок разработать организационно-технические мероприятия по подготовке к осенне-зимнему периоду с учетом результатов прохождения осенне-зимнего периода 2024/2025 года;

3) в недельный срок создать во всех областях, городах Бишкек и Ош постоянно действующие штабы по подготовке к осенне-зимнему периоду для ежемесячного мониторинга хода подготовки к осенне-зимнему периоду 2025/2026 года:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– котельных теплоснабжающих предприятий, ведомственных и промышленных котельных, связанных с теплоснабжением населения;

– качества подготовки социальных объектов к отопительному периоду;

– дополнительных топливных баз;

4) в срок до 1 июля 2025 года создать рабочие комиссии по проверке готовности отопительных котельных и предприятий топливно-энергетического комплекса к работе в предстоящий осенне-зимний период с обязательным участием представителей Службы по энергетическому надзору при Министерстве энергетики Кыргызской Республики и Службы экологического и технического надзора при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики (для учреждений, имеющих на балансе отопительные котельные и другие виды теплоэнергетического оборудования);

5) в срок до 1 июля 2025 года принять меры по проведению государственных закупок топливных ресурсов для бюджетных организаций, заключить договоры на их поставку;

6) принимать на постоянной основе меры по реализации политики энергосбережения и повышения энергоэффективности для снижения затрат при потреблении топливно-энергетических ресурсов;

7) обеспечить проведение с привлечением средств массовой информации разъяснительной работы среди населения о необходимости энергосбережения, своевременной заготовки топлива к осенне-зимнему периоду;

8) ежемесячно предоставлять информацию об исполнении настоящего постановления в Министерство энергетики Кыргызской Республики по состоянию на 1 число не позднее 15 числа месяца, следующего за отчетным периодом, включая информацию о проведении закупки угля, выполнении плановых заданий по заготовке топлива, создании топливных баз и пунктов реализации угля с указанием рыночных цен на уголь.

2. Конкурсным комиссиям теплоснабжающих предприятий (по согласованию) временно, на период подготовки и прохождения осенне-зимнего периода 2025/2026 года, исключить для ОАО «Кыргызнефтегаз» и ГП «Кыргызкомур» требование о предоставлении информации о задолженности по уплате налогов и страховых взносов в Кыргызской Республике при участии в конкурсах на поставку топочного мазута и угля, добываемого на территории Кыргызской Республики.

3. Службе антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики:

1) установить цены на уголь угледобывающих компаний Кыргызской Республики, осуществляющих поставку угля на муниципальное предприятие «Бишкек теплоэлектроцентраль»



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

 Кол койгон: Касымалиев А.А., 28.05.2025

(далее – МП «Бишкек ТЭЦ») и теплоснабжающим предприятиям согласно представленному перечню ГП «Кыргызкомур» совместно с мэрией города Бишкек;

2) установить цену для совместных угледобывающих иностранных компаний, передающих часть добытого угля на безвозмездной основе кыргызской стороне;

3) установить оптовые цены на реализуемый уголь по группам потребителей для угледобывающих компаний, имеющих лицензию;

4) установить цены на перевозку угля и мазута автотранспортными средствами с учетом обратного направления и с правом их пересмотра (переутверждения) в случае изменения (увеличения или снижения) стоимости горюче-смазочных и других расходных материалов по маршрутам, представленным ГП «Кыргызкомур» и теплоснабжающими предприятиями;

5) установить стоимость услуг по перегрузке угля на железнодорожный транспорт на погрузочно-разгрузочной площадке города Балыкчы согласно представленным материалам (расчетам) ГП «Кыргызкомур», которая распространяется на всех участников угледобывающих предприятий;

6) установить для ОАО «Кыргызнефтегаз» цену на топочный мазут марки «М-100» для поставки на МП «Бишкек ТЭЦ», муниципальное предприятие «Теплоэлектроцентраль города Ош» (далее – МП «ТЭЦ города Ош») и теплоснабжающим предприятиям;

7) в случае изменения (увеличения или снижения) затрат пересмотреть цены (стоимость услуг), установление которых предусмотрено настоящим постановлением;

8) осуществлять государственный контроль за правильностью формирования и применения цен (стоимости услуг), установление которых предусмотрено настоящим постановлением.

4. Полномочным представителям Президента Кыргызской Республики в областях, местным государственным администрациям, мэриям городов Бишкек и Ош (по согласованию), Службе антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики и Министерству энергетики Кыргызской Республики принимать меры по недопущению роста цен на уголь на топливных базах и в пунктах реализации, осуществляющих поставку угля для населения.

5. Министерству экономики и коммерции Кыргызской Республики по результатам мониторинга, анализа предложений, внесенных полномочными представителями Президента Кыргызской Республики в областях, местными государственными администрациями и мэриями городов Бишкек и Ош, в установленном порядке принимать решения о введении временного государственного регулирования цен на уголь.

6. Министерству финансов Кыргызской Республики обеспечить


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

в течение 2025 года своевременное выделение компенсационных средств для лиц, проживающих в условиях высокогорья и отдаленных труднодоступных зонах Кыргызской Республики, в пределах средств, предусмотренных Законом Кыргызской Республики «О республиканском бюджете Кыргызской Республики на 2025 год и плановый период 2026–2027 годов».

7. Министерству транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики:

1) в установленном порядке совместно со Службой антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики установить фиксированный тариф в размере 650 (шестьсот пятьдесят) сомов с учетом всех дополнительных сборов (без учета налога на добавленную стоимость) за перевозку государственным предприятием «Национальная компания «Кыргыз темир жолу» при Министерстве транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики одной тонны угля марки «Б» от железнодорожной станции «Рыбачье» до железнодорожных станций «Аламедин» (МП «Бишкек ТЭЦ») и «Бишкек-1» с 1 июля 2025 года по 1 июля 2026 года;

2) освободить грузоотправителей и грузополучателей отечественных угледобывающих компаний и МП «Бишкек ТЭЦ» от начисления штрафов за простои вагонов и сбора за хранение груза, пени за несвоевременную оплату услуг при перевозке угля во внутриреспубликанском сообщении в соответствии с установленной процедурой.

8. Министерствам, государственному комитету, административным ведомствам, аппаратам полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях и органам местного самоуправления городов Бишкек и Ош (по согласованию):

1) в срок до 1 июня 2025 года погасить задолженность бюджетных потребителей перед предприятиями топливно-энергетического комплекса за потребленные электрическую, тепловую энергию, природный газ, уголь и топочный мазут;

2) обеспечить в полном объеме своевременную оплату за потребленные электрическую и тепловую энергию, природный газ, уголь и топочный мазут;

3) довести до каждой организации лимиты потребления электрической энергии и мощности;

4) обеспечить контроль и принятие мер для безусловного соблюдения установленных лимитов потребления электрической энергии и мощности;

5) обеспечить переход электрических котлов на использование альтернативных источников энергии (уголь, газ, централизованное отопление) до начала осенне-зимнего периода 2025/2026 года;



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Касымалиев А.А., 28.05.2025

6) оказывать содействие энергетическим компаниям в проведении разъяснительной работы среди населения и бизнес-структур через средства массовой информации о сложившейся ситуации с накоплением воды в Токтогульском водохранилище;

7) оказывать содействие в своевременном согласовании проведения ремонтных работ энергетическими компаниями, требующих прекращения подачи электроэнергии, в том числе вырубки поросли деревьев в охранных зонах воздушных и кабельных линий электропередачи;

8) обеспечить в осенне-зимний период 2025/2026 года в полном объеме поставку угля для населения на стационарные топливные базы и пункты реализации угля согласно заключенным договорам и, в случае необходимости, создавать дополнительные топливные базы в населенных пунктах, где пункты отсутствуют;

9) обеспечить качественным топливным ресурсом социальные объекты, население и своевременное выделение средств льготной категории граждан;

10) выделить земельные участки под строительство новых высоковольтных подстанций и линий электропередач по запросу ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана» в установленном порядке.

9. Пограничной службе Государственного комитета национальной безопасности Кыргызской Республики и Государственной таможенной службе при Министерстве финансов Кыргызской Республики при необходимости проведения планового или аварийного ремонта линий электропередач и объектов магистральных газопроводов, проходящих по территории сопредельных государств (Республика Казахстан, Республика Таджикистан и Республика Узбекистан), оказывать содействие в пропуске через Государственную границу Кыргызской Республики ремонтно-технического персонала, технологического оборудования и приспособлений.

10. Государственному агентству по управлению государственным имуществом при Кабинете Министров Кыргызской Республики, Государственной налоговой службе при Министерстве финансов Кыргызской Республики, Государственной таможенной службе при Министерстве финансов Кыргызской Республики, Социальному фонду Кыргызской Республики при Кабинете Министров Кыргызской Республики, Фонду государственных материальных резервов при Министерстве чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики и Финансово-кредитному фонду при Министерстве финансов Кыргызской Республики на время подготовки и прохождения осенне-зимнего периода не принимать решений о закрытии расчетных счетов ОАО «Электрические станции», «Национальная электрическая сеть Кыргызстана», «Кыргызский



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

энергетический расчетный центр», «Чакан ГЭС», «Кыргызнефтегаз», ОсОО «Газпром Кыргызстан», муниципальных теплоснабжающих предприятий, ГП «Кыргызкомур» и угледобывающих предприятий, задействованных в заготовке топлива.

11. Министерству энергетики Кыргызской Республики в установленном порядке утвердить до 1 января 2026 года методику формирования лимитов потребления электрической, тепловой энергии и природного газа для бюджетных организаций, финансируемых из республиканского и местных бюджетов Кыргызской Республики, разработанной Научно-исследовательским институтом энергетики при Министерстве энергетики Кыргызской Республики.

12. Министерству энергетики Кыргызской Республики совместно с энергетическими компаниями:

1) принять меры по обеспечению надежного электроснабжения потребителей Кыргызской Республики и обеспечить строгий контроль за соблюдением потребителями установленных лимитов потребления электроэнергии и мощности, графиков и заданий согласно приложениям 1–20 к настоящему постановлению;

2) завершить ремонтные работы энергетического оборудования и сетей до начала отопительного сезона 2025/2026 года.

13. Возложить персональную ответственность за:

1) надлежащую подготовку, прохождение осенне-зимнего периода 2025/2026 года, обеспечение надежного бесперебойного снабжения потребителей энергетическими ресурсами на руководителей Министерства энергетики Кыргызской Республики, полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях, глав местных государственных администраций, мэров городов Бишкек и Ош, руководителей ОАО «Электрические станции», «Национальная электрическая сеть Кыргызстана», «Чакан ГЭС» и муниципальных теплоснабжающих предприятий;

2) выполнение установленных лимитов потребления электрической энергии и мощности – на полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях, мэров городов Бишкек и Ош, глав местных государственных администраций, айыл окмоту, руководителей Министерства энергетики Кыргызской Республики, ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана» и «Кыргызский энергетический расчетный центр»;

3) качество и своевременность проведения ремонтно-восстановительных работ энергооборудования – на руководителей Министерства энергетики Кыргызской Республики, ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана», «Электрические станции», «Чакан ГЭС», теплоснабжающих предприятий, полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях, глав местных государственных администраций, мэров городов Бишкек и Ош;



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Касымалиев А.А., 28.05.2025

4) предоставление информации в Министерство энергетики Кыргызской Республики и ее достоверность возлагается на руководителей министерств, государственного комитета, административных ведомств, аппаратов полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях, глав местных государственных администраций и руководителей предприятий топливно-энергетического комплекса Кыргызской Республики;

5) возникновение просрочки платежей за электрическую и тепловую энергию и природный газ – на руководителей бюджетных организаций.

14. ГП «Кыргызкомур» обеспечить поставку угля в необходимых объемах в соответствии с графиком для МП «Бишкек ТЭЦ» и теплоснабжающих предприятий, при этом обеспечить соответствующее качество угля.

15. Мэрии города Бишкек совместно с ОсОО «Строй-Стоун»:

– отпустить уголь марки Б с участка «Агулак» месторождения Мин-Куш для МП «Бишкек ТЭЦ» в количестве 240,0 тыс. тонн на бесплатной основе;

– МП «Бишкек ТЭЦ» оплатить сумму НДС за поставленный уголь на бесплатной основе.

16. Рекомендовать ОАО «Кыргызнефтегаз»:

1) в срок до 1 июня 2025 года представить в Службу антимонопольного регулирования при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики расчетные материалы для установления цен на топочный мазут марки «М-100» для поставки МП «Бишкек ТЭЦ», МП «ТЭЦ города Ош» и теплоснабжающим предприятиям;

2) обеспечить поставку топочного мазута МП «Бишкек ТЭЦ», МП «ТЭЦ города Ош» и теплоснабжающим предприятиям.

17. Рекомендовать ОАО «Национальная электрическая сеть Кыргызстана»:

1) разработать, утвердить, довести до потребителей и соблюдать графики ограничения местной разгрузки;

2) принять меры по сокращению количества аварийных отключений в электрических сетях напряжением 6–10 кВ;

3) в случае возникновения дефицита мощности из-за погодных условий вводить ограничения объемов поставок электроэнергии для энергоемких производственных потребителей в период с ноября 2025 года по март 2026 года;

4) обеспечить снижение уровня потерь электрической энергии в электрических сетях напряжением 110–500 кВ до 5,50 %, в электрических сетях напряжением 0,4–35 кВ до 11,30 %, а также снижение дебиторской задолженности на 10 %;

5) обеспечить с учетом технической возможности импорт электрической энергии из Центральной Азии и Российской Федерации.



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 282, 28.05.2025

Кол койгон: Касымалиев А.А., 28.05.2025

18. Рекомендовать ОсОО «Газпром Кыргызстан»:

1) обеспечить бесперебойную поставку природного газа для потребителей Кыргызской Республики, в том числе теплоснабжающих и промышленных предприятий в осенне-зимний период 2025/2026 года;

2) обеспечить выполнение Инвестиционной программы на 2025 год в рамках Генеральной схемы газоснабжения и газификации Кыргызской Республики до 2030 года;

3) на ежемесячной основе предоставлять информацию об исполнении Инвестиционной программы на 2025 год в Министерство энергетики Кыргызской Республики.

19. Признать утратившими силу:

1) постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О подготовке отраслей экономики и населения Кыргызской Республики к осенне-зимнему периоду 2024/2025 года» от 28 мая 2024 года № 265;

2) постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О некоторых вопросах подготовки отраслей экономики и населения Кыргызской Республики к осенне-зимнему периоду» от 6 июля 2024 года № 367;

3) постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О подготовке отраслей экономики и населения Кыргызской Республики к осенне-зимнему периоду 2024/2025 года» от 28 мая 2024 года № 265» от 10 декабря 2024 года № 751.

20. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

21. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 282, 28.05.2025

Кол койгон: Касымалиев А.А., 28.05.2025